**Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектебинин класс жетекчилерине өткөрүлгөн чогулуштун**

# ПРОТОКОЛУ

**Катышты:-19** **күнү:14-май 2021-жыл**

## Каралуучу маселелер:

1. Окуучулардын жайкы эс алуусу тууралуу маалымат (тактоо)
2. Түнкү рейдди уюштурууда график менен мугалимдерди тааныштыруу

**Угулду:** Мектеп директору Н.Сартманбетова райондук Билим Берүү Бөлүмүнүн № буйругу менен тааныштырды

Окуучу жайкы эс алуусунда кайсы окуучу кайда эс ала тургандыгы тууралуу маалыматты тактаңыздар

Уюштуруучу: Н.Өмүралиев ата-эне,окуучу,мугалим 3 тараптуу келишимдерди толуктап ата-энеге,окуучуга кол койдуруңуздар. Класс ичиндеги температура баракчасын толтуруңуздар.Балдардын температурасы жогору болсо ФАПка билдириңиздер.Окуучулардын антисептик, маска, перчатки менен келүүсүн көзөмөлдөңүздөр.

Балдардын жайкы эс алуусунда коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча тарбия сааттарды өтүңүздөр. Балдарга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүңүздөр!

Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту, рекетчиликти алдын алуу максатында 2020-2021-окуу жылынын 24-25-26-май күндөрү түнкү рейд уюштурулду.Рейдге толук чыгып протоколун өткөрүп бериңиздер.

Бүтүрүүчү класстарга жана жалпы жогорку класстын окуучуларын жаратылыш койнунда (паходко) эс алууга чыгууга бөгөт коюу боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, ата-энелер менен байланышыңыздар! Ата-энелер чогулуштарын өтүп, инструктаж менен тааныштырып кол койдуруңуздар!

## Токтом кылынат:

Жогорудагыларды угуп талкуулап чогулуш төмөндөгүдөй токтом кылат

1. Окуучулардын жайкы эс алуусу боюнча баардык окуучулар такталсын.
2. 2020-2021-окуу жылынын 24-25-26-май күндөрүндө түнкү рейд уюштурулсун.

Төрайым: Н.Сартманбетова

Уюштуруучу: Н.Өмүралиев

## Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектебинде өткөрүлгөн жалпы ата-энелер чогулушунун №1-протоколу

Катышты: - 34 15.11.2022-жыл

Каралуучу маселелер:

1. 2021-2022-окуу жылынын I чейрегинде мектепке тартылган инвестиция тууралуу маалымат
2. Окуучулардын I чейректеги билим сапаты
3. I чейректеги класстан тышкаркы иштер жана окуучулардын тартиби, тазалыгы, сабакка катышуусу.

Угулду:

1-маселе боюнча мектеп директору Н.Сартманбетова мектепке тартылган жалпы инвестиция жөнүндө отчёт берип, мектепке жалпы 387425 сом өлчөмүндөгү акча каражаты тартылгандыгы жөнүндө айтылды.

2-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Н.Самсалиева төмөндөгүлөргө токтолду.

Мектепте жалпы 34 мугалим, 13 тех кызматкерлер эмгектенишет. I чейректин жыйынтыгы менен жалпы 319/157 окуучу, даярдоо классында 30/20 окуучу билим алып жатышат.

$3^{а}$-класс - 64%
$3^{б}$-класс - 49 %
$4^{а}$-класс - 50%
$4^{б}$-класс - 45 %
$5^{а}$-класс - 36 %
$5^{б}$-класс - 47 %
$6^{а}$-класс - 40 %
$6^{б}$-класс - 48 %
7-класс - 53 %
$8^{а}$-класс - 33%
$8^{б}$-класс - 46 %
$9^{а}$-класс - 21 %
$9^{б}$-класс - 29 %
10-класс - 45%
11-класс - 75%

Билим сапаты төмөн жана жогору болгон класстарга мониторинг жүргүзүү жөнүндө айтты.

Мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Өмүралиев төмөндөгүлөргө токтолду. 2019-2020-окуу жылынын башталышы менен бардык класс жетекчилер компьютердик жаңы технологиялар жана санариптештирүү,интернетке кошулуу боюнча ачык тарбиялык сааттарды жогорку деңгээлде өтүштү.

Үйдөн балдарыңыздардын күндөлүктөрүнө, сырткы көрүнүштөрүнө көңүл буруп, чачтарын ирээтке келтирип берүүңүздөрдү суранам. Айрым окуучуларга ата-энелер күндөлүктөрүнө кол койбой койгон учурлар болуп жатат. Кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын-алуу боюнча түнкү рейддер уюштурулуп жатат. Эгер рейд учурунда себепсиз көчөдө жүргөн мектеп жашындагы балдар кармалса участкалык инспектор менен бирге баланын ата-энеси менен чогуу акт түзүлөт, ошондуктан балдарыңыздарды кечки саат 20-30дан баштап сыртка көчөгө эч себепсиз чыгарбаңыздар.
( Баардык ата-энелер 3тараптуу келишим менен таанышып кол коюп бергендиктерин айтышты)

Жогорудагыларды угуп талкуулап, жалпы ата-энелер чогулушу төмөндөгүдөй

Токтом кабыл алат:

1. 2021-2022-окуу жылындагы мектепке тартылган акча каражаттары максаттуу пайдаланганды白 белгиленсин.
2. I чейректин жыйынтыгы менен билим сапаты жогору болгон жана төмөн болгон класстарда кайрадан мониторинг жүргүзүлсүн.
3. Сабактан кийин кечки саат 20-30дан баштап балдарды көчөгө чыгарбай көзөмөлдөө ата-энелерге милдеттендирилсин.
    - Түнкү рейд учурунда кармалып калган окуучулар болсо жеринде протоколдор түзүлүп участкалык инспектор менен бирге акт түзүлсүн.
    - Ата-энелер балдарына жоопкерчилик менен мамиле кылышсын

Чогулуштун төрайымы: Н.Сартманбетова
Уюштуруучу: Н.Өмүралиев
Катчысы: Н.Оморова